# КЫРГЫЗСТАНДЫН КОРРУПЦИЯ МЕНЕН КҮРӨШҮҮДӨГҮ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

**КУТМАНОВА А.С.**
***Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы***

**УДК 343.352**

Коррупция – бул бардык өлкөлөрдө кездешүүчү эл аралык мааниге ээ болгон социалдык көрүнүш жана коррупция өлкөлөрдүн саясий өнүгүү деңгээлине жана саясий түзүлүшүнө карабастан орун алып, кээ бир өлкөлөрдө анын деңгээли жогору, кээ бир өлкөлөрдө төмөн. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, коррупцияга өзгөчө өнүгүп келе жаткан жана экономикасы өткөөл өлкөлөр катуу дуушар болушат да реформалардын илгерилешине олуттуу тоскоол болуп, кедейликти пайда кылып жана ошол өлкөлөрдүн туруктуу өнүгүшүнө чоң коркунуч келтирет.

Азыркы күндө бир дагы өлкө, канчалык демократиялык болбосун, коррупциядан эркин эмес. Бул социалдык көрүнүш мамлекеттик чиновниктерди, саясатчыларды, бизнесмендерди, журналисттерди бузат, улуттук экономиканы талкалайт, социалдык туруктуулукту бүлдүрөт, коомдун мамлекетке болгон ишенимине шек келтирет, карапайым жарандарды кемсинтет жана мамлекетти начарлатат.

Коррупция (латын тилинен “corruptio” − сатып алуу) − бул коомдук мамиле чөйрөсүндөгү кызмат адамдарына ишенип берилген укуктарды жана бийлик мүмкүнчүлүктөрүн өзү жана башкалар үчүн ар түрдүү мыйзамсыз пайда көрүүгө багытталган кылмыш аракети же болбосо жөнөкөй тил менен айтканда коррупция – бул чиновниктерди сатып алуу дегендик [3]. Ошону менен бирге эле ар бир өлкөдөгү ар кандай моралдык нарктар жана экономикалык системалардын иштөөсүндөгү принциптерде мыйзамды бузуу деп эсептелинген конкреттүү түрлөрү ар кандай. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөтүп тургандай өнүгүп келаткан өлкөлөр жана өткөөл мезгилде турган өлкөлөр алардын алдында турган социалдык жана экономикалык маселелердин өзгөчөлүгүнөн улам коррупциянын таасирине катуу дуушар болот, анткени, коррупция реформалардын андан ары алга илгерилешине олуттуу тоскоол болуп, кедейликти пайда кылып жана ошол өлкөлөрдүн туруктуу өнүгүшүнө коркунуч келтирет.

Англиялык тарыхчы Лорд Эктон айтмакчы “Бийлик бузат, ал эми чексиз бийлик чексиз бузат” [7], ага мисал катары Кыргызстанда 2005, 2010-жылдардагы бийлике каршы элдик революциялардын негизги себептеринин бири болуп, өлкөдөгү бийликтин бардык бутактарындагы, өзгөчө саясий коррупциянын деңгээли жогору болгонун, ал эми мурдагы эки Президенттерибиз, өлкөбүздүн Конституциясына бир нече жолу өзгөртүүлөрдү киргизүү менен чексиз бийликке ээ болгонун айтып кетсек болот. Жада калса Швециялык окумуштуу Йохан Энгвалдын Кыргызстандагы коррупцияны изилдөөсүндө акыркы 20 жылда коррупция өлкөбүздүн эң башкы көйгөйүнө гана эмес, “мамлекетти башкаруунун негизги ыкмасына” айланганын айткан [5].

Ал эми Кыргыз Республикасынын УИА академиги Т. Койчуев өлкөбүздөгү коррупциянын өсүшүнө экономикадагы аз өндүрүштүк жана элдин жакырчылыгы өбөлгө түзгөн дейт [2].

Колу таза эмес мамлекеттик чиновниктердин, укук коргоо жана сот органдарынын, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык жактан камсыз кылуу чөйрөсүнүн кызматкерлери менен жөнөкөй жарандардын ортосундагы адаттагы мамилеге айланып кеткен коррупция социалдык чечилбеген маселелердин көбөйүшүнүн, өлкөдөгү экономикалык жалпы кырдаалдын начарлашынын башкы себептеринин бирине айланган.

2010-жылдын 27-июнундагы референдумдун (жалпы элдик добуш берүүнүн) негизинде Кыргызстан мурдагы Президенттик авторитардык башкаруу системаны жана бийлик бутактардагы саясий коррупцияны жоюу максатында жаңы кабыл алган Конституциясына ылайык парламенттик башкаруу системасына өттү. Муну менен

Кыргызстандын келечектеги коррупция менен ийгиликтүү күрөшүүсү жана ийгиликтүү өнүгүшүнүн актуалдуу проблемасы анын саясий түзүлүшүнүн формасы менен байланыштуу экени аныкталган. Бирок жогорудагы өзгөрүүлөргө карабай дүйнө өлкөлөрүндө коррупциянын деңгээлин изилдеп, ага каршы турууну көздөгөн эл аралык өкмөттүк эмес Трансперенси Интернешнл уюмунун рейтинги боюнча, эгер 2012-жылы Кыргызстанды 177 өлкөнүн ичинен 154 орунга койсо, быйыл 2013-жылы 150-орунга [8] жылып, жакшы өзгөрүүлөр бар болгону менен Кыргызстан дагы деле коррупцияга малынган өлкөлөрдүн арасында экендигибизди маалымдайт.

Мындай көрсөткүчтөрдүн бирден бир себеби бийлик бутактарындагы мамлекеттик кызматкерлер, Жогорку Кеңештеги депутаттардын көп бөлүгү элдин байлыгын өздөрүнө приватташтырып, коррупциянын негизинде байыган адамдардан тургандыгы. Жакында саясатчылар өздөрүнүн мыйзамсыз чогулткан оокаттарын мыйзамдоо аракетинде жеке кызыкчылыгына ылайык мыйзамды кабыл алышты. 27-майда КР Президенти А. Атамбаев “КР бирдиктүү салык декларациясын берүүгө даярдоо жөнүндө” мыйзамга кол коюу менен өлкөбүздүн жарандарына буга чейин салык төлөбөй көмүскөдөгү чогулткан, аны менен өлкөбүзгө чоң зыян келтирген кирешелерин ачыка чыгартып, мыйзамдаштырууга мүмкүнчүлүк берди. Мыйзамда жарандар мыйзамдуу, мыйзамсыз чогулткан кирешелерин ачыка чыгарса, алардын буга чейинки финансы-чарбалык иштери декларациянын негизинде болсо эч бир көзөмөлдөөчү органдар аркылуу текшерилбесине кепилдик берип, кирешенин булагы тууралуу эч кимдин алдында жооп бербеси айтылат. Эгер кирешенин суммасы 45 миллион сомдон ашса, анда казнага анын 1 проценти төлөнөт. КР Мамлекеттик салык мекемесинин кызматкери Т. Ким амнистия жарыялангандан баштап эле көп жарандар өз оокаттарын нотариус аркылуу ачыка чыгарып, ар бир Бишкектеги нотариустар күнүнө 5-10го чейин декларацияларды кабыл алып тургандыгын маалымдап айткан [1].

Мындай мыйзамды эл депутаттары 2013-жылдын 18-апрелинде мамлекеттик кызматчылардын кирешесин изилдөө декларациясы боюнча түзүлгөн ведомство аралык комиссия иштей баштардын алдында шашылыш түрдө кабыл алышып, дагы бир жолу бийлик адамдары өздөрүнүн кызыкчылыгын коргоо жолдорун тапкандыгын айгинелеген.

Эң өкүнүчтүүсү, “Ата-Журт” партиясынан депутат айым Н. Нарматова бул мыйзамдын негизинде ачыка чыккан кирешелерин массалык маалымат аркылуу жарыяланбасын жана жыл сайын мамлекеттик кызматчылар тапшырчу бирдиктүү мүлктөрү тууралуу декларациянынын жыйынтыкары да жашыруун болушун талап кылып, жада калса кадр кызматынын башчысын декларацияны ачыка чыгарып интернет сайттарга киргизилип жатышы үчүн жоопко тартууга чыкырган [1].

Бирок жогорудагыдай кээ бир көрүнүштөргө карабастан азыркы учурда, КР Президенти А. Атамбаев баш болуп мамлекеттик органдар, жарандык коомдун уюмдары, ишкер чөйрөсүндөгүлөр жана жалпы маалымат каражаттары коррупция маселесине көбүрөөк көңүл буруп, коррупция менен күрөшүүдө чечкиндүү иштердин жүрө баштаганын коомчулук көрө баштады. Ага мисал: баштапкы этапта КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин алдында Антикоррупциялык кызматы түзүлдү жана анын ишинин негизги артыкчылыктарынын бири коррупциялашкан системаны жоюу болуп эсептелет. Ушул проблеманы чечүү максатында коррупцияга каршы күрөшүүнун мамлекеттик стратегиясы түзүлгөн. Мазмуну боюнча бул − коррупцияга каршы саясатты практикада ишке ашыруунун негизги принциптерин жана механизмдерин аныктоочу программалык документ. Бул коомдогу коррупциянын абалын жана мүнөзүн иликтөөгө негизделген жана практикада ишке ашыруу үчүн колдо болгон ресурстарды жана мүмкүнчүлүтөрдү эске алып даярдалган.

Ушул жылдын 4-ноябрында КР Коргоо кеңешинин кезектеги жыйыны Президент А. Атамбаевдин төрагалыгы менен болуп өттү. Бул жыйында негизинен Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу жана бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин

жоюу боюнча чаралар тууралуу маселе каралган [5]. Бул жыйындын корутундусунун негизинде КР Президенти А. Атамбаев “Бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө” жарлыгына кол койду [4].

Анда Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы мамлекеттик саясатынын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр аныкталган:

- саясий күчтөрдүн тар топторунун кызыкчылыктарына мамлекеттик чечимдердин кез каранды болушунун коркунучун жоюу бөлүгүндө, ошондой эле шайлоо системасынын начар жактары жана жетектөөчү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына дайындоонун түзүлгөн практикасы бөлүгүндө саясий коррупцияга каршы аракеттенүү;
- мамлекеттик органдардын коррупциялык көрүнүштөрдү пайда кылуучу функцияларын жана ыйгарым укуктарын талдоо, өзгөртүү жолу менен коррупциялык схемаларды табуу жана демонтаждоо бөлүгүндө системалуу коррупцияны жоюу;
- мамлекет менен жарандын өз ара мамилелеринде адам укуктарынын артыкчылыгын орнотуу [4].

Антикоррупциялык саясаттын мамлекеттик стратегиясын ишке ашырууну контролдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешининин жумушчу тобу бекитилди.

Мындай антикоррупциялык саясатты мыйзамдык чыңдоо менен өлкөбүздөгү башкы бийлик бутактарындагы айрым аткаминерлерге Башкы прокуратура тарабынан иш козголуп, кээ бири түрмөгө камалып, жазасын кылган кылмышына карата тарта баштаганы мыйзамдардын иштей баштаганын аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөт башчысы Ж. Сатыбалдиев Коргоо кеңешинин катчысы, коррупция менен күрөшүүдө жумушчу топтун башчысы Б.Жунусов менен Президенттин Жарлыгы кандайча аткарылып жаткандыгы тууралуу талкуулоодо.“Бүгүн коррупция менен чындап күрөшүүгө өлкө жетекчилигинин саясий эрки жетет. Бул багытта иштер тергөө органдарынын көз кырына илинген адамдын ээлеген кызматына, саясаттагы салмагына карабастан жүргүзүлөт. Коомчулук курулай сөздөн көрүнүктүү ишке өтүүнү бийликтен талап кылууда. Биз коррупционерлер менен казынага кол салгандар качып кутулбастыгын түшүнгүдөй кылышыбыз керек деген [6]

Коррупцияга каршы күрөш узак мөөнөттүү маселе жана бардык акыл эстүү коомдук күчтөрдүн биримдигине жетишүү максатында өлкөнүн саясий жетекчилиги тараптан эрктин бекем болушун талап кылат.

Коррупцияга каршы күрөштү – өлкө башчыларында саясий эрк болгон шартта гана жүргүзүүгө болот. Эгер андай эрк болбосо- коррупцияга каршы күрөшүү мүмкүн эмес. Коррупция маселеси эл аралык мүнөзгө ээ экендиги жана ал саясий түзүлүшүнө, саясий өнүгүү деңгээлине карабастан бардык өлкөлөрдө орун алып жана масштабы боюнча гана айырмалана тургандыгы белгилүү. Коррупция менен күрөшүүдө жакшы жетишкендиктерге жетишкен Сингапур, Швеция, Гонконг жана башка мамлекеттердин тажрыйбасын изилдесек, ар бир өлкөнүн бул илдет менен күрөшүүдө өз жолу бар экени байкалат. Бирок ал жактарда колдонулган ыкмалар Кыргызстандын шартында дал ошондой натыйжа бербеси түшүнүктүү. Ар бир мамлекеттин өзгөчөлүгү бар.Ошондуктан коррупцияны жокко чыгарган мамлекеттердин тажрыйбасын эске алып, Кыргызстанда иштей турган өз жолубузду табышыбыз керек.

Азыр коррупция маселеси Кыргызстанда коомчулуктун таламдарынын курч мизинде турат. Көзкарандысыз изилдөөлөр коррупциянын кыйратуучу натыйжасы бүгүнкү күндө жашоо турмуштун дээрлик бардык чөйрөсүн камтыгандыгын көрсөтүп турат. Коррупция жалгыз эле мамлекеттик структураларда (өзгөчө, фискалдык жана укук коргоо органдарында) кеңири таркабастан, ал ооруканалар менен мектептерден, жеке сектордон тартып четөлкөлүк инвесторлор жана эларалык донорлор жүргүзүп жаткан биргелешкен долбоорлорго чейин каптап кеткени далил. Андыктан коррупцияга каршы чечкиндүү кадамга барбасак, бул багытта биргелешип ырааттуу иш жүргүзбөсөк, Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын максаттарына жетүү мүмкүн эмес.

**Адабияттар:**

1.Исаев А. Проверили.Ужаснулись и...простили. [Текст] // Дело№. − 2013. – 20 ноября. 3-бет.
2. Койчуев Т., Плоских В. В мире денег. − Бишкек, 1993. − 64-б.
3.Коррупцияга каршы иштердин негизи (ред. С.В Максимова ж.б.). − М., Спарк, 2000. − С. 7.
4. КР Президентинин жарлыгы “Бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө” [Текст] // Эркин-Тоо. − 2013. − 15-ноябрь,4-бет.
5. Д Турдугулова, Бийликтин күчү – элдин ишениминде[Текст] // Эркин-Тоо-2013. − 5-ноябрь, 1-бет.
6. http://www.erkintoo.kg/newscategory4/page/860.
7. http://mudroslov.ru/quotes?author=83&filter=author
8. http://www. transparency.org.